**2016-жылдын 6-июнундагы Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Россия Федерациясынын Өкмөтүнүн ортосундагы Мунайды жана мунайзаттарын берүү чөйрөсүндө кызматташуу жөнүндө макулдашууга өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу**

**ПРОТОКОЛ**

Мындан ары "Тараптар" деп аталуучу Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жана Россия Федерациясынын Өкмөтү, кыргыз-россия мамилелерин андан ары чыңдоого көмөктөшүп, 2016-жылдын 6-июнундагы Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Россия Федерациясынын Өкмөтүнүн ортосундагы Мунайды жана мунайзаттарын берүү чөйрөсүндө кызматташуу жөнүндө макулдашууну (мындан ары - Макулдашуу) көңүлгө алуу менен,

төмөнкүлөр жөнүндө макулдашты:

**1-берене**

Макулдашууга төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1. 3-беренеси төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"3-берене

Тараптардын компетенттүү органдары 2017-жылы Кыргыз Республикасында 2017-жылга мунайды жана мунайзаттарын (мындан ары - товарлар) ички керектөөнүн көлөмдөрүн жана номенклатурасын макулдашат жана алар боюнча 2017-жылга индикативдик балансстарды бекитишет.

Товарларды кийинки жылдарда ички керектөөнүн көлөмү жана номенклатурасы Кыргыз Республикасынын экономикасынын өсүшү эсепке алынган кийинки календардык жылга мунай чийки заттары (Евразия экономикалык биримдигинин тышкы экономикалык ишинин бирдиктүү Товардык номенклатурасынын коду (мындан ары – ЕАЭБ ТЭИ ТН) 2709 00, автомобилдик бензин (ЕАЭБ ТЭИ ТН коддору 2710 12 411 0, 2710 12 412 0, 2710 12 413 0, 2710 12 419 0 ичинен, 2710 12 450 0 ичинен, 2710 12 490 0 ичинен), дизель отуну (ЕАЭБ ТЭИ ТН коддору 2710 19 421 0, 2710 19 422 0, 2710 19 423 0, 2710 19 424 0, 2710 19 425 0, 2710 19 429 0 ичинен, 2710 19 460 0 ичинен, 2710 19 480 0 ичинен), реактивдүү кыймылдаткычтар үчүн отун (ЕАЭБ ТЭИ ТН коду 2710 19 210 0) боюнча индикативдик балансстарды жана 2713 20 000 0 ЕАЭБ ТЭИ ТН субпозициясына карата түшүндүрмөлөргө

ылайык мунай кара чайырынын физикалык-химиялык мүнөздөмөлөрүн көрсөтүү менен мунай кара чайыры (ЕАЭБ ТЭИ ТН коду 2713 20 000 0) боюнча протоколду (мындан ары - индикативдик баланстар жана протокол) бекитүү аркылуу үстүдөгү календардык жылдын 1-октябрына чейинки мөөнөттө Тараптардын компетенттүү органдары тарабынан макулдашылат. Көрсөтүлгөн товарларды ташып чыгарууда ЕАЭБ ТЭИ ТН коддордун жана товарлардын аталыштарын жетекчиликке алуу керек.

Ар бир үстүдөгү календардык жылга индикативдик баланстарды жана протоколду тактоо Кыргыз Республикасынын аймагында товарларды ички керектөөнүн негизделген өзгөрүүсүн эсепке алуу менен учурдагы календарлык жылдын 15-августуна чейин жүргүзүлүшү мүмкүн.

Кыргыз Тарап үстүдөгү календардык жылдын 5-сентябрына чейин Россия Тарапка кийинки календардык жылга индикативдик баланстарды жана протоколду түзүү боюнча сунуштарын берет, ал эми үстүдөгү календардык жылдын 15-ноябрына чейин 9 айдын ичиндеги индикативдик баланстардын жана протоколдун аткарылышы жөнүндө жана алардын үстүдөгү календардык жылы күтүлгөн аткарылышы тууралуу маалыматты белгиленген тартипте берет.

Тараптардын компетенттүү органдары 2019-жылы Кыргыз Республикасында 2019-жылга мунай кара чайырын (ЕАЭБ ТЭИ ТН коду 2713 20 000 0) ички керектөөнүн көлөмдөрүн жана номенклатурасын макулдашат жана 2713 20 000 0 ЕАЭБ ТЭИ ТН субпозициясына карата түшүндүрмөлөргө ылайык мунай кара чайырынын физикалык-химиялык мүнөздөмөлөрүн көрсөтүү менен 2019-жылга протоколду бекитишет, ал бекитилген датадан тартып пайда болгон укуктук мамилелерге карата колдонулат.".

2. 5-беренесинде:

а) 1-пункту "Кыргыз Республикасына индикативдүү баланстарда" деген сөздөрдон кийин "жана протоколдо"деген создөр менен толукталсын;

б) 2-пункту "календардык жылы индикативдүү баланстарда" деген сөздөрдөн кийин "жана протоколдо, ошондой эле индикативдик баланстарда жана протоколдо каралбаган товарларга карата"деген сөздөр менен толукталсын;

в) 4-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"4. Убактылуу мезгилдүү бажылык декларациялоо 2019-2024-жылдары Россия Федерациясынан Кыргыз Республикасына мунайзаттарды түтүк өткөргүч транспорту менен ташып чыгарууда 2019-2024-жылдарга индикативдик баланстарга ылайык колдонулат.

Товарларга карата убактылуу декларацияны берүүдө ташып чыгаруу бажы алымдарын төлөөдөн бошотуу индикативдик баланстарда көрсөтүлгөн товарлардын көлөмү ташып чыгаруу бажы алымдарын төлөөсүз декларацияланган товарлардын топтолгон көлөмүнөн ашпаган товарлардын көлөмүнө карата товарларга убактылуу декларацияны чыгаруу учурунда колдонулат.

Ташып чыгарууга бажы алымдарын төлөөдөн бошотуу максаттары үчүн товарларды эсепке алуу төмөнкү учурлардын биринде, товарларга карата убактылуу декларацияда көрсөтүлгөн товарлардын көлөмүнө жараша Россия Федерациясынын бажы органдары тарабынан жүзөгө ашырылат:

товарларга карата убактылуу декларацияда көрсөтүлгөн товарлар берилүүчү айдын 15ине чейин товарларга толук декларацияны берүү, эгер товарларга карата убактылуу декларация товарлар берилүүчү айдын 1ине чейин берилсе;

товарларга карата убактылуу декларацияны берүү датасынан тартып 15 календардык күндүн ичинде товарларга толук декларацияны берүү, эгер ал товарларды берүү айында берилсе.

Эгер товарларга карата толук декларация ушул пункттун төртүнчү же бешинчи абзацтарында көрсөтүлгөн мөөнөттөр аяктаганда берилсе, анда жалпысынан ташып чыгарууга бажы алымдарын төлөөсүз декларацияланган топтолгон товарлардын көлөмү индикативдик баланстарда көрсөтүлгөн товарлардын көлөмүнөн ашкан товарлардын көлөмүнө карата ташып чыгаруу бажы алымдары, ошондой эле товарларга убактылуу декларацияны каттоо датасынан тартып товарларга толук декларация боюнча ташып чыгарууга бажы алымдарын төлөө боюнча милдеттерди аткаруу датасына чейин эсептелген туумдар төлөнүүгө тийиш.

Ташып чыгаруу бажы алымдарын төлөөдөн бошотуу максаттары үчүн 1 календардык айдан ашкан берүү мезгили менен товарларга карата убактылуу декларацияны берүүгө жол берилбейт.".

**2-берене**

Ушул Протокол анын күчүнө кириши үчүн зарыл болгон мамлекеттик ички жол-жоболордуТараптардын аткаргандыгы жөнүндө акыркы жазуу жүзүндөгү кабарлоо дипломатиялык каналдар боюнча алынган күндөн тартып күчүнө кирет.

Тараптар ушул Протоколго кол коюлган күндөн тартып 30 күн өткөндөн кийин ушул Протокол менен киргизилген өзгөртүүлөрдү эске алып Макулдашуунун жоболорун убактылуу колдонуп баштайт.

2019 -жылдын "28" мартында Бишкек шаарында эки түп нускада, ар бири кыргыз жана орус тилдеринде түзүлдү, мында эки текст тең бирдей юридикалык күчкө ээ.

| | |
|---|---|
| **Кыргыз Республикасынын Өкмөтү үчүн** | **Россия Федерациясынын Өкмөтү үчүн** |

**ПРОТОКОЛ**
**о внесении изменений в Соглашение между Правительством Кыргызской Республики и Правительством Российской Федерации о сотрудничестве в сфере поставок нефти и нефтепродуктов от 6 июня 2016 года**

Правительство Кыргызской Республики и Правительство Российской Федерации, далее именуемые Сторонами, содействуя дальнейшему укреплению кыргызско-российских отношений, принимая во внимание Соглашение между Правительством Кыргызской Республики и Правительством Российской Федерации о сотрудничестве в сфере поставок нефти и нефтепродуктов от 6 июня 2016 года (далее – Соглашение),

согласились о нижеследующем:

**Статья 1**

Внести в Соглашение следующие изменения:

1. Статью 3 изложить в следующей редакции:

«Статья 3

Компетентные органы Сторон в 2017 году согласовывают объемы и номенклатуру внутреннего потребления в Кыргызской Республике нефти и нефтепродуктов (далее – товары) на 2017 год и утверждают по ним индикативные балансы на 2017 год.

Объем и номенклатура внутреннего потребления товаров на последующие годы согласовываются компетентными органами Сторон до 1 октября текущего календарного года путем утверждения по ним индикативных балансов по нефтяному сырью (код единой Товарной номенклатуры внешнеэкономической деятельности Евразийского экономического союза (далее – ТН ВЭД ЕАЭС) 2709 00), бензину автомобильному (коды ТН ВЭД ЕАЭС 2710 12 411 0, 2710 12 412 0, 2710 12 413 0, из 2710 12 419 0, из 2710 12 450 0, из 2710 12 490 0), дизельному топливу (коды ТН ВЭД ЕАЭС 2710 19 421 0, 2710 19 422 0, 2710 19 423 0, 2710 19 424 0, 2710 19 425 0, из 2710 19 429 0, из 2710 19 460 0, из 2710 19 480 0), топливу для реактивных двигателей (код ТН ВЭД ЕАЭС 2710 19 210 0) (далее – индикативные балансы) и протокола по битуму нефтяному (код ТН ВЭД ЕАЭС 2713 20 000 0) с указанием физико-химических характеристик битума нефтяного в соответствии с пояснениями к субпозиции 2713 20 000 0 ТН ВЭД ЕАЭС на следующий календарный год, учитывающих рост экономики Кыргызской Республики (далее – протокол).

При вывозе указанных товаров следует руководствоваться кодами ТН ВЭД ЕАЭС и наименованиями товаров.

Уточнение индикативных балансов и протокола на каждый текущий календарный год может осуществляться до 15 августа текущего календарного года с учетом обоснованного изменения внутреннего потребления товаров на территории Кыргызской Республики.

Кыргызская Сторона представляет Российской Стороне до 5 сентября текущего календарного года предложения по формированию индикативных балансов и протокола на следующий календарный год и до 15 ноября текущего календарного года информацию о выполнении индикативных балансов и протокола за 9 месяцев и об их ожидаемом выполнении за текущий календарный год в установленном порядке.

Компетентные органы Сторон в 2019 году согласовывают объемы и номенклатуру внутреннего потребления в Кыргызской Республике битума нефтяного (код ТН ВЭД ЕАЭС 2713 20 000 0) на 2019 год и утверждают протокол на 2019 год с указанием физико-химических характеристик битума нефтяного в соответствии с пояснениями к субпозиции 2713 20 000 0 ТН ВЭД ЕАЭС, который применяется к правоотношениям, возникшим с даты его утверждения.».

2. В статье 5:

а) пункт 1 после слов «балансами» дополнить словами «и протоколом»;

б) пункт 2 после слов «балансами» дополнить словами «и протоколом, а также в отношении товаров, не предусмотренных индикативными балансами и протоколом»;

в) пункт 4 изложить в следующей редакции:

«4. Временное периодическое таможенное декларирование применяется в 2019 - 2024 годах при вывозе из Российской Федерации в Кыргызскую Республику нефтепродуктов трубопроводным транспортом в соответствии с индикативными балансами на 2019 - 2024 годы.

При подаче временной декларации на товары освобождение от уплаты вывозных таможенных пошлин применяется на момент выпуска временной декларации на товары, в отношении объема товаров, не превышающего в совокупности с накопленным объемом товаров, задекларированных без уплаты вывозных таможенных пошлин, объем товаров, указанный в индикативных балансах.

Для целей освобождения от уплаты вывозных таможенных пошлин учет товаров осуществляется таможенными органами Российской Федерации

исходя из объема товаров, указанного во временных декларациях на товары, в одном из следующих случаев:

подача полной декларации на товары до 15 числа месяца поставки товаров, указанного во временной декларации на товары, если временная декларация на товары подана до 1 числа месяца поставки товаров;

подача полной декларации на товары в течение 15 календарных дней с даты подачи временной декларации на товары, если она подана в месяце поставки товаров.

В случае, если полная декларация на товары подана по истечении сроков, указанных в абзацах четвертом или пятом настоящего пункта, то в отношении объема товаров, превышающего в совокупности с накопленным объемом товаров, задекларированных без уплаты вывозных таможенных пошлин, объем товаров, указанный в индикативных балансах, уплате подлежат вывозные таможенные пошлины, а также пени, рассчитанные с даты регистрации временной декларации на товары до даты исполнения обязанности по уплате вывозных таможенных пошлин по полной декларации на товары.

Для целей освобождения от уплаты вывозных таможенных пошлин подача временной декларации на товары с периодом поставки, превышающим 1 календарный месяц, не допускается.».

**Статья 2**

Настоящий Протокол вступает в силу с даты получения по дипломатическим каналам последнего письменного уведомления о выполнении Сторонами внутригосударственных процедур, необходимых для его вступления в силу.

Стороны начинают временно применять положения Соглашения с учетом изменений, внесенных настоящим Протоколом, по истечении 30 дней с даты подписания настоящего Протокола.

Совершено в г. Бишкек «28» марта 2019 г. в двух экземплярах, каждый на кыргызском и русском языках, причем оба текста имеют одинаковую силу.

| | |
|---|---|
| **За Правительство Кыргызской Республики** | **За Правительство Российской Федерации** |

**Копия верна:**

**Заместитель директора**
**Международно-правового департамента**
**Министерства иностранных дел**
**Кыргызской Республики**

**Д.Саякбаев**

________________

«01» 04 2019 года